М.Шейшеналиев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2019-2020-окуу жылындагы китепканасынын фондусунун иш анализи.

Мектептин китепканасында жылдын башында 4750 китеп болгон. Анын ичинен окуу куралы — 2000. Адабий китептери- 1360 Методикалык китептер — 1360 китепти түзөт. Жыл ичинде 28- окуу китеби Район тарабынан алынган. Азыркы убакта жалпы окуу китептин саны 4819 китепти түзөт.

Китепкананын көйгөйү : **« Окуучуларды китепти таза кармоого, жазуучулардын чыгармаларын окуп сүйлөө кебин өстүрүүгө жана башталгыч класстарда керемет окуу программанын негизинде жомокторду шар окутууга үйрөтүү».**

Төмөнкү көйгөйдүн негизинде жалпы китепкананын жалпы планы түзүлгөн. Ошол пландын негизинде жалпы китепкананын төмөнкү иш-чаралар аткарылды. Сентябрь айында тил күнүнө карата « Эне тилим - эне сутум» деген темада бурч уюштурулуп, 7-8-класстарда Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан дил баян жазылды. « Китептер дуйносо» деген темасында 1-2-3-4- класстын окуучулары класс жетекчилер менен бирдикте китепканага саякат жүргүзүп; жомок, аңгеме окушту жана сүрөт тартышты. « СПИД» , « Бангизатсыз жакшы жашоого умтулуу» деген темада ден соолук бурчу чыгарылды. Январь айында залкар жазуучуларды эскерүү Чыңгыз Айтматов менен Алыкул Осмоновго бурч уюштурулуп, дил баян жазылды. « Жомоктор дүйнөсүндө» темада « Керемет окуу» жомокторунан 3-4-класстын окуучулары тарабынан сүрөт конкурсу уюштурулган. Чыңгыз Айтматовдун 93 жашына буклет чыгарып, бурч уюштурулду. Башталгыч класстар арасында « Сүйүктүү менин чыгармам» аттуу өз колдору менен китеп чыгарышты. 27-29-майда түзүлгөн графиктин негизинде окуучулар окуу китептерин тапшырышат. 2019-2020-окуу жылына жыл ичинде 28 окуу китеби наклоднойдун негизинде алынды. 7-класстын информатика,8-класс информатика китептери жаңы программасы менен келген.

Мектептин китепканачысы Оторбаева А.М.